**УДК 821.512.154+378:147**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/2-504-509**

**Ибраимова Дж.Т.**
ага окутуучу
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети
Бишкек ш.
ibraimovaj@bk.ru

# ААЛАМДАШУУ ПРОЦЕССИНДЕ БИЛИМ БЕРҮҮ ШАРТТАРЫ ЖАНА Т. МОЛДОНУН ЧЫГАРМАЛАРЫН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ БАГЫТТАП ОКУТУУ

**Аннотация:** Бул макалада билим берүүнү маалыматташтыруунун негизги багыттары көрсөтүлдү; окутуу процесинин маалыматташтыруу; маалыматтык маданияттын көндүмдөрүн, билимин жана билгичтиктерин билим берүү стандарттарынын негизинде алуу; маалыматтык инфраструктураны түзүү; илимий изилдөөлөрдү жана башкарууну маалыматташтыруу; заманбап эсептегич-маалыматтык каражаттар менен жабдылышы жөнүндө. Маалыматтык коом социалдык контекстте билимдер коому катары каралып, маалыматтын кайра түзүүчү күчү заманбап глобализациялык-коммуникативдик процесстерде технологиялардын ийкемдүү методдордун колдонулушу жөнүндө болду. Ошондой эле компетентүүлүккө багыттап көркөм чыгармаларды анын ичинен Т.Молдонун чыгармаларын компетентүүлүккө багыттап окутуу тууралуу сөз болот.

**Негизги сөздөр:** Билим берүү; компетенция;таалим-тарбия; ааламдашуу; жаңы технология; методика; көркөм чыгарма; окутуу; маалыматташтыруу; маалыматташтыруунун шарттары; маалыматтык-коммуникативдик технологиялары.

**Ибраимова Дж.Т.**
старший преподаватель
Кыргызский национальный университет имени Ж. Баласагына
г. Бишкек
ibraimovaj@bk.ru

# УСЛОВИЯ ОБРАЗОВАНИЯ В ПРОЦЕССЕ ГЛОБАЛИЗАЦИИ И КОМПЕТЕНТНОСТНОЕ ОБУЧЕНИЕ ПРОИЗВЕДЕНИЙ Т. МОЛДО

**Аннотация:** В данной статье показаны основные направления информатизации образования; информатизация учебного процесса; приобретение навыков, знаний и умений информационной культуры на основе образовательных стандартов; создание информационной инфраструктуры; информатизация научных исследований и управления; оснащение современными вычислительно-информационными средствами. Информационное общество рассматривалось в социальном контексте как общество знаний, и преобразующая сила информации заключалась в применении гибких методов технологий в современных глобализационно-коммуникативных процессах. А также произведения искусства, ориентированные на компетентность.Речь идет об обучении произведений Молдо, ориентированных на компетентность.

**Ключевые слова:** Образование,компетенция; воспитание; глобализация; новые технологии; методика; произведения искусства; обучение; информатизация; условия информатизации; информационно-коммуникационные технологии.

**Ibraimova Dz.T.**
Senior Lecturer
J. Balasagyn Kyrgyz National University
Bishkek c.
ibraimovaj@bk.ru

## CONDITIONS OF EDUCATION IN THE PROCESS OF GLOBALIZATION AND COMPETENCE-BASED TRAINING OF T. MOLDO'S WORKS

**Annotation:** This article shows the main directions of informatization of education; informatization of the educational process; acquisition of skills, knowledge and skills of information culture based on educational standards; creation of information infrastructure; informatization of scientific research and management; equipping with modern computing and information tools. The information society was viewed in a social context as a knowledge society, and the transformative power of information was the application of flexible methods of technology in modern globalization and communication processes. As well as works of art focused on competence.We are talking about teaching the works of Moldo, focused on competence.

**Keywords:** Education; competence; upbringing; globalization; new technologies; methodology; works of art, Education; informatization; conditions of informatization; information and communication technologies.

Бүгүнкү күндө ааламдашуу процесси өтө тездик менен өсүп, дүйнөнү туш- тарабына ыкчам таасирин тийгизип, ар түрдүү көз караштарды , пикирлерди, ар кандай топторду, диний жана саясий агымдарды да пайда кылууда. Албетте, булардын таасири коомго тийбей койбойт. Өзгөчө мектеп окуучулары, студенттер тез кабыл алып аларга таасирлениши да шексиз.Демек, окуучуларга, студенттерге туура багыт көрсөтүп, аларга өзгөчө көңүл буруп, руханий кыйроого жеткирбей, терең билим берип, убактысын көркөм чыгарма окууга жумшаш үчүн мугалимдин ролу жана таасири чоң. Келечектеги коомдун тазалыгы, адеп-ахлагы билим берүүгө, тарбияга жана жаш муундарды ыйман-ынсапка тарбиялоодо.

Окуучулардын руханий калыптануусун коомдук шарттарга ылайыктап жүргүзүү, улуттук салттар менен жалпы адамзаттык баалуулуктарды алып жүрүү идеялары дүйнөлүк жана биз мурда таанып келген советтик, ошондой эле кыргыз педагогика илиминде бир топ терең изилденгендигин белгилөөгө тийишпиз. "Я.А. Коменский, Г.И.Петолоцци, Ж.Ж.Руссо, К.Д.Ушинский, П.П.Блонский, А.С.Макаренко, В.А.Сухомлинский ж.б. педогогдордун, педогог-окумуштуулардын, гуманист жазуучулардын эмгектеринде, ишмердүүлүктөрүндө рухий ыймандык билим жана тарбия берүүгө, алардын эркиндигин жогорулатууга өзгөчө маани берүү менен азыркы учур мугалимдерди ушул багытта даярдоону талап кылган" [1, 4 б].

Мезгил талабына ылайык, жаштардын муктаждыктарын эске алуу менен билим берүүнү да компетенттүүлүккө негиздеп окутуу коомдук социалдык зарылдыктан келип чыккан парадигма катары коомдук-саясий, социалдык-экономикалык кырдаалдарга ылайык заманбап түшүнүктөрдүн тез-тез өзгөрүп туруусу, мезгилдин тез аракетке келүүсүнүн

натыйжасында болуп жатат. Заман өзү да көп нерсени өнүгүүнү талап кылууда. Коомго биз кесипкөй, кайсы багытта болбосун, коомдук-социалдык кызыкчылыктарды канааттандыра турган, ошол кесипке тиешелүү компетенциялар бар экендигин далидеген кесипкөй адистерди даярдашыбыз милдет.

Компетенттүүлүк деген эмне? “Бир нече жылдардан бери компеттенттүүлүк” деген түшүнүк бардык тармактарда, илимде, иште көп колдонулуп келет. Буга бир нече аныктамалар да берилип жүрөт. Демек компетентүүлүк көп учурда, көптөгөн кесиптерде, илимде, окууда, иште ж.б. колдонулат. Мисалы, профессионалдык компетенттүүлүк, коммуникативдик компетенттүүлүк, адистик компетенттүүлүк. Жөнөкөйлөтүп айтканда адистин интеллектуалдуулугу, билгичтиги, тажрыйбалуулугу, ишмердүүлүгү, конкреттүү иш алып баруусу, эффективдүү жолдорду пайдалануусу, өз ишин мыкты билгендиги. Демек, окутуучу окуучуларга жана студенттерге мына ушундай (компетентүү) сапаттарды үйрөтүп, тарбиялашы керек.Албетте ал үчүн ар окутуучу өз предметин компетентүүлүккө багыттап окутушу зарыл. Компетенттүүлүк ишмердүүлүктүн үзүрүн көрсөтүү же көрүү.

Буга чейинки көркөм чыгармаларды бир типте окутупуп, акын-жазуучулардын өмүр баянын жаттоо, көркөм чыгармалардагы каармандарды оң жана терс каарманга бөлүп алып,салыштырып талдоо, образдарга үстүртөн баа берүү жана окуу китеби менен чектелип келген. Ал эми азыркы ааламдашуу мезгилинде мектептеринде адабий билим берүүдө окутуунун электрондук каражаттарын интернет булактарын, заманбап компьютердик технологияларды, мултимедиялык сабактарды, видио сабактарды, окутуунун жаңы технологияларын колдонуп жатабыз. Заманбап окутуу бардык аймактарда жетиштүү деп айтуу да кыйын. Себеби акыркы эки үч жылдагы пандемия учурунда техникалык жактан да, методикалык жактан да толук даяр эмес экендигибизди жана кыйынчылыктар айрым аймактарда билинди Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров 2021-жылдын башында «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» деген жарлык чыгаруу менен азыркы учурдун эң актуалдуу проблемасын ишке ашыруу милдетин мектептердин алдына койгон [3, 207 б.]

Инсандын руханий, адеп-ахлактык өнүгүүсүндө жана дене тарбиясында адабий билим берүүнүн ролу чоң болуп келген инсанды гумандаштыруу ойлорун турмушка ашыруу. Инсанды ар тараптуу жана гармониялуу өсүп-өнүгүүсүнө,окуучуларды турмушка жакындатуу,элдин жашоосу менен байланыштыруу,көркөм адабият аркылуу мекенге болгон сүйүү сезимдерин калыптандырууда, ак караны ажырата билүүдө көркөм чыгарманын ролу зор. Окуучулар адабий чыгармадагы идея, тема, образдар, поэтика менен таанышып гана калбастан, ошол чыгармада сүрөттөлгөн турмуштан өздөрүнө таалим алат, каармандар менен талашып-тартышат, өрнөктүү адамдарды табат, азыркы өзүнүн айлана-чөйрөсү, көрүп-билген адамдар менен чыгармада чагылдырган турмушту, образдарды чагылдырат. Мындан окуучулардын ассоциация түзө билүү компетенттүүлүктөрү калыптануу менен өзүнүн «Менин» издөө процесси автивдешет. Ошентип, адабий билим берүүнүн жалпы парадигмасы адамдын коомдогу өз ордун табууга багытталат. Адабий көркөм чыгарманы окуп-үйрөнүү менен жалпы адамзаттык асыл нарктарды таап чыгуу, аларды өз жашоо-турмушунда колдоно билүү, оюн жеткиликтүү билдирүү үчүн байланыштуу текст түзө билүү, сөз байлыгын байытуу, адабий тилде эркин сүйлөө компетенттүүлүктөрүнө ээ болуусу күтүлөт [1, 4 б].

Орус элинин прогрессивдүү методистеринин бири В.П.Острогорский мындай деген “Адабияттан билим берүүнүн жетекчилигин ийгиликтүү алып барууну өзүнүн

жоопкерчилигине алган мугалим, барыдан мурун, билимдүү, мүмкүн болушунча бардык жагынан терең түшүнүктүү, кайсы бир учурда энциклопедист болушу керек. Анткени көркөм адабият адам баласынын ички дүйнөсүнүн, турмушунун жана ага тиешелүү болгон табигат көрүнүштөрүнүн эң эле ар түрдүү жактарын өз ичине алат"[2, 4 б.]

Улуу акындын «Талым кыз менен Көбөктүн айтышы» чыгармасын алсак.Анда да эки жаш адамдын акылды даңазалоосу табышмактуу айтыштын негизин түзүп, Талым кыздын татаал суроолоруна Көбөк чоң не бир керемет жооп тапканына студенттер күбө болушат. Бул чыгармада Т. Молдо адамдын акылмандыгын, тапкычтыгын, сезимталдыгын даңазалайт. Табышмактуу айтылган суроолого жооп берүүчүнүн логикалык ой жүгүртүүсү да өнүгөт жана чыгарманы терең окууга түрткү болот.Мисалы,

Адамзат пендеси,<br>
Сүйгөн нуру не болот?<br>
Асман менен закымдап,<br>
Жүргөн нуру не болот?<br>
Аркасында тунарык,<br>
Кирген нуру не болот?<br>
Асман, жерди жаркыткан,<br>
Сасык нуру не болот?<br>
Асман, жердин зыйнаты,<br>
Каныk нуру не болот?- деп табышмактуу, сырдуу айткан ырына Көбөк жооп кайтарат [5, 130 б.].

«Кемчонтой» поэмасы жаңы тема катары өтүлөт. Алгач студенттер үйдөн окуп келген поэманын сюжетин баяндап беришет. Сабактын ушул учурунда окуянын катарын топтор арасында чынжырча түрүндө айтып берүү да алгылыктуу деп ойлойбуз. Ар бир топ поэмадагы окуянын бир бөлүгүн айтса, андан кийинки топ аны улантып кетет. Мисалы, 1-топтогу окуучу Кемчонтойдун ким экендигин жана анын Багдагүлгө үйлөнүшүн айтып берсе, 2-топ Багдагүлдүн атасынын үйүнө кетип, Чонтой аны алып келмекчи болгонун айтып берет. Ал эми 3-топ негизги окуяны: Чонтойдун адашканын, таяк жегенин түшүндүрүп бергени жакшы.

Окуцучулардын бири-бирин угуп, анализдеп окуусуна да шарт түзөт. Поэманын сюжети айтылып бүткөндөн кийин мугалим алдын ала даярдалган кейстерди таркатат. Интерактивдүү усулдардын ичинде «Кейс менен окутуу» (кейс-стади усулун көп окутуучулар пайдалана беришпейт. Анткени бул бир аз татаалдык менен ойлонулуп түзүлө турган кейстерден тургандыктан, мугалимдин өтө кылдат иштеши талап кылынат. Кейс-методунун негизги максатына кесиптик билим берүүнүн натыйжалуу болушу үчүн, окуу процессине студенттердеги кызыгууну күчөтүү үчүн, алардын ар түрдүү турмуштук жагдайларды талдоо көндүмдөрүн калыптандыруу кирет. Мындан тышкары студент ар түрдүү көз караштарды сынчыл баалоо, өзүнө да баа берүү көндүмдөрүнө ээ болот. Усулчулар кейстердин практикалык жана үйрөтүүчү түрлөрүн белгилеп жүрүшөт. Студенттер кырдаалды аныктап, көйгөйлөрдү талкуулап, мүмкүн болгон чечимдерди сунушташат жана анын ичинен бирөөн тандашат. Кейстер болгон фактынын негизинде же реалдуу кырдаалга жараша түзүлөт. Кейстерди таркатуудан мурда анын иштөө эрежесин түшүндүрүү керек. Кейстер менен иштөөдө окуучулар башка маалыматтарды Бул усулда студенттер топ ичинде көйгөйлөрдү чечүүдө биргелешип иштешет. Берилген көйгөй аркылуу окуучуларда реалдуу турмушка даярдоо ишке ашат [4]

Окутуудагы интерактивдүү усулдар да өз жемишин берүүдө. Мугалим менен окуучунун,окуучу менен мугалимдин ортосундагы аракеттүүлүк, жигердүүлүк, өз ара жандуу интелектуалдык аракеттешүүлөрү туурасында жүрүп жатат.Окутуудагы интерактивдүүлүк – бул сабак процессинде окуучулардын өз ара жана мугалим менен дайым тыгыз пикир алышууда болуусу, программалык материалды өздөштүрүүгө карата биргелешкен, демилгелүү иш-аракеттери, жемиштүү болуп, жыйынтыгында иреттүү белгил бир тыянак кортундуларга келишин билдирет. Интерактивдүү ыкмалар окуучуларга жагымдуу болуп, сабак жандуу, адаандаштык менен өтүп, кызыгуу пайда болот.Субъекттердин ортосунда үзгүлтүксүз жүрүп туруучу демилгелүү алака катнаш, педагогикалык процесстин тездик менен активдешүүсү жемиштүү болоору да шексиз. Окутуунун жаны технологияларын колдонууда мугалим басымдуу насаатчы , окутуу процессинин ырааттуу өнүгүүсүнө багыт берүүчү катары иш алып барат.Мында ал окуучулардын өз тажрыйбаларына таянып, маалымат топтоолоруна, өз алдынча жаңы көйгөйлүү маселелерди кое билүүсүнө көңүл бурат. Аларга багыт берип, билимге жана тийиштүү маалыматтарды алууга өбөлгө түзөт [6, 7 б.].

Н. Ишекеевдин «Кыргыз адабиятын мектептерде окутуунун тарыхы» (1994) деген эмгегинде кыргыз адабиятынын 70-90 жылдык тарыхына баш багып, эволюциялык өсүп-өнүгүү тарыхындагы обьективдүү-субьективдүү жактарына кайрылып, көп жактуу анализ жасаганга аракет кылган. Жада калса, кыргыз адабиятынын методикасынын илим катары калыптанышына таасир берген көлөмдү илимий иштерден тарта чакан макалаларга чейин кайрылып, анализ кылып, илимий обьектиге ала алган. 70-80 жылдык кыргыз тарыхындагы кыргыз адабияты предметинин калыптанышындагы илимий-теориялык жактарына кайрылып, көптөгөн материалдарды карап, бирин калтырбай анализдеп, системалуу баа бергенге аракет көргөн. Айрыкча, илимий эмгектин структуралык жактан тыкыр иштелип, бөлүмдөргө абдан тыкан ажыратылган. Эң алгач окуу программаларынын адабий методикалык табиятына кайрылып, окуу китептеринин структуралык уюштурулушу жана кыргыз адабиятынын методикасына арналган илимий эмгектер деген бөлүмдөргө бөлүп алып, системалуу анализдеген.

«Адабият сабактарын эки баскычтуу жогорку окуу жайларында окутуу жана компетенттүүлүккө карап окутуунун төмөнкүдөй принциптерин сунуштайт: а) Эгемендүүлүк алгандан кийинки коомдук-саясий система, либерал-экономикалык шарт жарандарды жаңыча ой жүгүртүүгө түртүп, жаңы окуу технологияларды пайдалана билүү жана тарбиялоо; б) кадрларды даярдоодо коомдук парадигманын баалуулуктарын таанып билүү аркылуу адабият сабактарынын мазмунун жана формасын жаңылоо; көркөм чыгармаларды окуу аркылуу филолог адистин реалдуу турмушту таанып-билүү багытына басым жасап, ага ылайык көркөм чыгармаларды талдоо.

Кыргыз элинин руханий асыл ойлорун кылымдар бою багып келген эл акындарынын этнопедагогикалык ойлорун азыркы муунга сиңирүү, андан ары улантып кетүү, ошол чыгармаларды окуучуларга терең түшүндүрүп, аларды көркөм чыгармалардагы тарбиялык маанидеги курч сөздөрдү жеткирип ,чыгармалардан жатка айттырып маанисин чечмелетип, ошол кептин турмушта канчалык орду бар экендигин жеткирүү мугалимдин милдети жана анын комптенттүүлүгүнүн натыйжасы болуп саналат. Көркөм чыгармаларды окутуу аркылуу гана окуучулардын таалим-тарбиясын, өз алдынчалыгын, дүйнө таанымын, коомдогу ордун жана сөз байлыгын өстүрө алабыз.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**

1. Муратов, А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана методикасы [Текст]: /А. Муратов. - Бишкек: “Турар”, – 2013. – 4-б.
2. Оторбаев, Б. Классикалык изилдөөлөр [Текст]: справоч. /Б.Оторбаев. – Бишкек:” Полиграфбумресурсы,” 2019. – 4-б.
3. Иманалиев, К. Орто мектептерде кыргыз адабияын окутуунун методикасынын негизги маселелери [Текст]: / К. Иманалиев. – Фрунзе: Мектеп, 1973. – 207-б.
4. Жумабаева Д.С. ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2019. DOI:10.26104/IVK.2019.45.557
5. Тоголок Молдо Чыгармалар [Текст]: – Фрунзе: “Кыргызстан”, 1970. – 130-б.
6. Оторбаев Б.Мектепте адабиятты интерактивдүү окутуу [Текст]: окуу куралы /Б. Оторбаев. – Бишкек: 2013. – 4 б., – 7 б.
7. Ишекеев Н «Кыргыз адабиятын мектептерде окутуунун тарыхы», 1994.


**Рецензент: филология илимдеринин кандидаты Расулова М.М.**